**Жолдошбаева Ыкыбал Капаровнанын** «Болочок мугалимдин лингводидактикалык компетенттүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык шарттары» аттуу 13.00.08 – кесиптик билим берүүнүн теориясы жана методикасы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты илимий даражасын изденип алуу үчүн жазган диссертациялык ишине расмий оппоненттин

## ПИКИРИ

**1. Теманын актуалдуулугу**. Жолдошбаева Ыкыбал Капаровнанын диссертациялык изилдөөсү билим берүүнүн сапатын жогорулатуу максатын көздөп, болочок мугалимдердин лингводидактикалык компетенттүүлүгүн калыптандыруунун илимий педагогикалык шарттарын аныктап чыгууга арналган. Ошону менен бирге, учурдагы өлкөбүздүн кесиптик билим берүү системасындагы реформалардын жаңы талаптарына ылайык педагогика багытында окуган студенттердин лингводидактикалык компетенттүүлүгүн чет тили дисциплинасынын мисалында калыптандыруунун теориялык жана практикалык абалын талдоо, компоненттерин аныктоо, алардын критерийлерин, денгээлдерин жана көрсөткүчтөрүн иштеп чыгууга арбын аракеттер жасалган.

Учурда мугалимдердин алдында эн жоопкерчиликтүү милдеттер коюлуп жатат: жаштарды көп тил билүүгө үйрөтүү менен, толеранттулукка, маданиятуу болууга жана ошону менен катары, башка элдердин да маданиятын сыйлоого үйрөтүү маселери коюлган.

Жогорудагы келтирилген маселелерди чечүүгө арналган диссертациялык иштин темасы актуалдуу жана учурдун талабына туура келет.

**2. Диссертацияда берилген илимий жоболордун, жыйынтыктардын жана сунуштардын негизделиш даражасы.** Изденүүчү төрт жобону коргоого алып чыккан. Бул жоболорду педагогика багытында окуган болочок мугалимдерди тарбиялоодо алардын лингводидактикалык компетенттүүлүгүн калыптандыруунун мазмуну; болочок мугалимдин лингводидактикалык компетенцияларын калыптандыруунун модели; болочок мугалимдин лингводидактикалык компетенттүүлүгүн калыптандыруунун компоненттерин, критерийлерин, деңгээлдерин, көрсөткүчтөрүн практикада

ишке ашыруунун жыйынтыктары жана алардын эффективдүүлүгүн эксперименталдык негизде аныктоо аркылуу бекемдеген.

Болочок мугалимдердин лингводидактикалык компетенттүүлүгүн калыптандырууга арналган ата мекендик жана чет элдик изилдөөлөргө кеңири көңүл бөлүнүп, анын негизинде, диссертациялык иште автор “лингводидактикалык компетенттүүлүк”, “лингводидактикалык компетенциялар”, “мугалимдин кесиптик компетенттүүлүгү” түйүндүү түшүнүктөрүнө өзүнүн аныктамасын берген.

Диссертанттын илимий болжолу оң, лингводидактикалык компетентүүлүктү калыптандыруу багытында ЖОЖдордун базасында тиешелүү билимдерди, билгичтиктерди, көндүмдөрдү калыптандыруунун натыйжасында болочок мугалимдин педагогикалык ишмердүүлүгүн арттыруу, көп тил билген инсандарды тарбиялоого салымын кошуу, лингводидактикалык компетенцияны калыптандыруунун комплекстүү педагогикалык шарттарын иштеп чыгуу жана ишке киргизүү максатында апробацияларды өткөргөн.

Биздин оюбузча, бул изилдөөдө чет тилин окутуу менен бирге лингводидактикалык компетенцияны калыптандырууну милдет кылып алып, жаңы талаптарга ылайык студенттерге толук, кенен информация берүүгө арбын аракеттер жазалган.

Диссертациянын акырында изилдөөнүн милдеттери боюнча жыйынтыктар сунушталган.

Тыянактардын, жоболордун жана корутундулардын негизделиш даражасы педагогиканын фундаменталдык теорияларына жана педагогикалык эксперименттердин жыйынтыктарына негизделгендиги менен мүнөздөлөт.

**Изилдөөчү төмөндөгүдөй илимий жаңылыктарга ээ болгон:**

Изилдөөдө болочок мугалимдин лингводидактикалык компетенттүүлүгүн чет тил дисциплинасынын мисалында калыптандыруунун илимий теориялык негиздери ачыкталган; болочок мугалимдин лингводидактикалык компетенттүүлүгүн чет тил дисциплинасынын мисалында калыптандыруунун модели түзүлгөн; болочок мугалимдин лингводидактикалык компетенттүүлүгүн калыптандыруу компоненттери, алардын критерийлери жана көрсөткүчтөрү иштелип чыгып, булардын негиздүүлүгү эксперимент аркылуу тастыкталган.

**Диссертациянын жыйынтыктарын жана натыйжаларын пайдалануу боюнча конкреттүү сунуштар:**

Болочок мугалимдердин лингводидактикалык компетенттүүлүгүн калыптандырууга арналган, автор тарабынан “лингводидактикалык компетенттүүлүк”, “лингводидактикалык компетенциялар” “мугалимдин кесиптик компетенттүүлүгү” түйүндүү түшүнүктөрүнө берилген аныктамалар жана түшүнүктөр келечектеги изилдөөлөргө толуктоо ирээтинде кызмат кылышы мүмкүн;

изилдөөчү тарабынан иштелип чыккан болочок мугалимдерди даярдоодо алардын лингводидактикалык компетенттүүлүгүн калыптандыруу моделин Кыргыз Республикасынын ЖОЖдорундагы тилдерди үйрөтүү курстары менен айкалыштырып практикада колдонууга болот;

диссертацияда иштелип чыккан материалдар учурдун талабына ылайык аутенттүү, болочок мугалимдер практика учурунда же өздөрүнүн реалдуу жашоосунда колдонула турган материалдар жана маалыматтар менен топтолгон. Диссертант тарабынан педагогикалык баарлашууда улуттук өзгөчөлүктөргө көңүл буруу, орчундуу тарыхый окуяларынан мисалдарды келтирүү, эл аралык деңгээлдеги көрүнүктүү маданий жана адабий инсандар менен тааныштыруу, көрүнүктүү педагогдордун кесиптик компетенттүүлүгү менен тааныштыруу жана көп кырдуулук, толеранттулук маселелерин камтыган текшерүү иштери берилген. Бул материалдар болочок мугалимдерге практикалык мисал катары да кызмат көрсөтө алат.

Изилдөөнүн материалдары профессионалдык билим берүү процессинде практикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу системаларында колдонулушу мүмкүн.

**Диссертациялык изилдөөнүн жыйынтыктары** Кыргыз Республикасынын жана чет өлкөлүк жогорку окуу жайларда өткөрүлгөн илимий конференцияларда, эл аралык жана республикалык илимий журналдарга жарыялоо аркылуу апробацияланган. Изилдөөнүн жыйынтыктарынын жайылтылышы 2001-жылдан баштап узак убакытка чейин жүргүзүлгөн. Педагогикалык эксперимент 2010-жылдан 2015-жылга чейин жүргүзүлүп, Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин, Жалал-Абад мамлекеттик университетинин жана Ош гуманитардык педагогикалык институтунун базасында ишке ашырылган.

Изилдөөнүн темасына байланышкан эл аралык жана ата мекендик басылмаларда 25тен ашуун илимий макалалар жарыяланган. Жогорку аттестациянын талабы боюнча чет элдик РИНЦке кирген илимий журналдарга изденүүчүнүн макалалары жарык көргөн.

**Диссертациянын мазмуну менен авторефераттын дал келиши:** Автореферат диссертациянын мазмунун толук чагылдырып турат.

**Диссертациянын жасалгаланышында жана анын мазмунунда төмөндөгүдөй мүчүлүштүктөр кездешет:**

1. Диссертант атайын иштелген текшерүү иштердин жыйнагын тилдик эмес педагогикалык багыттагы студенттердин лингводидактикалык компетенттүүлүгүн жогорулатуу максатында колдонууга сунуштаган (диссертациянын 1-тиркемесин карасаңыз); Мында, студенттин билимин жана эске тутумун текшере турган фактологиялык суроолор басымдуулук кылат. Биздин сунуш-инсанга багытталган окутуу принциптерине ылайык, текшерүү иштери концептуалдуу мүнөздөгү суроолор менен теңделсе, себеби, булар диссертациянын темасына жакын.
2. Диссертацияда бир топ механикалык каталар кетирилген, анын ичинде англис тилинде берилген тексттерде жана тапшырмалардын берилиштеринде кездешет. Англис тилинин өзгөчөлүктөрүнө ылайык, кээде бир тамга алмашып кетсе ал сөздүн мааниси таптакыр өзгөрүп кетүүсү мүмкүн. Ошондуктан, студенттерге берилүүчү тапшырмаларды этияттык менен текшерип бербесек, студенттин баасын төмөндөтүп алуу коркунучу да мугалимдин колунда турат.

Аталган пикирлер каалоо мүнөзүндө болуп, бул мүчүлүштүктөр эмгектин маанисин төмөндөтпөйт жана диссертациянын жалпы оң сапатына, мазмунуна кедерги тийгизе албайт.

## ЖЫЙЫНТЫК

Жолдошбаева Ыкыбал Капаровнанын «Болочок мугалимдин лингводидактикалык компетенттүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык шарттары» аттуу 13.00.08 – кесиптик билим берүүнүн теориясы жана методикасы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты илимий даражасын изденип алуу үчүн жазган диссертациялык иши Кыргыз Республикасынын жогорку аттестациялык комиссиянын «Окумуштуулук даражаларды ыйгаруунун тартиби жөнүндөгү жобонун» 2.5 пунктуна ылайык коюлган талаптарга толук жооп берет.

2. Диссертациялык иштин автору 13.00.08 - кесиптик билим берүүнүн теориясы жана методикасы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алууга толук татыктуу.

**Расмий оппонент,**
**Педагогика илимдеринин**
**кандидаты,** **Байтүгөлова Ж.А.**

Ж.А. Байтүгөлованын колун тастыктайм

Заверяю:
Начальник отдела кадров НГУ
М. Ахматалиева